# Таанышуу арзууга айланды

**Сөзү: Качкынбаева Кундуз Абдиевна**

**Обону: Атабеков Мирбек Boобекович**

Өзүңдү таптым, өрт болуп жалыным,
Жадырап күлүп сен жүрөккө от салдың.
Сагыныч ээлеген саналуу аралык,
Жети күн калса экен кылымдай саналып.
Жаратканга жетип үнүм,
Жалгыз сага, жаным, кезиктим.
Жашоодогу бул жети күн,
Эң бактылуу мезгил.
Кайырма:
Таанышуу арзууга айланды,
Бир аптада, бир заматта.
Алтыным, мен сага байландым,
Бир аптада, бир заматта.
Баткан күндө, аткан таңда,
Жанашып дайыма.
Өткөн күндөр өзүң менен,
Сүйүүнүн ортосунда.
Кайырма: